КЫРГЫЗ БАНКЫ

Кыргыз Республикасы, Бишкек ш., Чүй пр., 168
E-mail: mail@nbkr.kg
www.nbkr.kg

**Пресс-релиз**

# Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы эсептик ченди 14,0 пайыз деңгээлинде сактап калды

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасы 2022-жылдын 25-июлунда эсептик ченди (негизги чен) 14,0 пайыз деңгээлинде сактап калуу чечимин кабыл алды. Чечим 2022-жылдын 26-июлунан тартып күчүнө кирет.

Тышкы чөйрөдө инфляциянын тездеши мурдагыдай эле глобалдуу мүнөзгө ээ болууда. Негизги азык-түлүк товарларына баалардын индекси акыркы айларда төмөндөгөндүгүнө карабай, рекорддук жогорку деңгээл көрсөткүчүндө калууда. Бул шарттарда инфляциялык басым Кыргыз Республикасында сакталып жатат. 2022-жылдын июль айында[1] жылдык инфляция 13,6 пайызды (2022-жылдын июнунда – 13,1 пайыз) түздү. Баанын өсүшү инфляциянын бардык компоненттери боюнча байкалууда. Азык-түлүк товарларына баанын бүткүл дүйнөлүк өсүшү жана суроо-талаптын акырындык менен калыбына келе башташы өлкөдө инфляцияга тиешелүү факторлордун негизгилеринен бойдон калууда.

Кыргызстандын экономикалык өнүгүүсүнүн негизги индикаторлору оң динамиканы көрсөтүүдө. 2022-жылдын биринчи жарым жылдыгынын жыйынтыгы боюнча ИДӨ өсүш арымы 6,3 пайызды түздү (“Кумтөр” алтын кенин казып алуу ишканаларын эске албаганда – 3,9 пайыз). Экономиканын бардык тармактары активдүү өсүштү көрсөттү: өсүштүн кыйла жогорку арымы өнөр жай, кызмат көрсөтүү жана курулуш секторлорунда байкалды. Ички суроо-талаптын туруктуу калыбына келүүсү экономикалык жигердүүлүктүн өсүшүнө олуттуу салымын кошо алды.

Улуттук банктын учурдагы күндөлүк монетардык саясаты экономикада инфляциялык процесстерди ооздуктоо жана дүйнөлүк товардык-чийки зат рынокторунда баанын глобалдуу өсүш тенденциясынын терс таасирин төмөндөтүү зарылчылыгы менен шартталган. Жүргүзүлүп жаткан акча-кредит саясатынын маанилүү натыйжаларынын бири болуп, сом түрүндөгү финансылык активдердин, анын ичинде сом түрүндөгү мөөнөттүү аманаттардын өтүмдүүлүгүнүн жогорулашы саналат. Банк системасынын жаңыдан кабыл алынган сом түрүндөгү мөөнөттүү депозиттеринин көлөмү 2022-жылдын февраль айынан май айларына чейинки мезгил аралыгында 30,4 пайызга[2] (өсүш 5,0 млрд сом[2] тегерегинде) өскөн. 2022-жылдын май айынын жыйынтыгы боюнча улуттук валютадагы депозиттик база 2021-жылдын май айындагы көрсөткүчкө салыштырмалуу 22 пайыздан ашыгыраак өскөн.

[1] Айдын 15ине карата абал боюнча.
[2] Базалык мезгилге негиз катары 2021-жылдын ушул мезгил аралыгы алынды.

Кредиттик жигердүүлүк экономиканын реалдуу секторунун улуттук валютада кредиттөөсүнүн кеңейүүсү менен колдоого алынууда. Жаңыдан берилген сом түрүндөгү кредиттердин көлөмү 2022-жылдын февраль-май айларынын жыйынтыгы боюнча 16,2 пайызга көбөйгөн (өсүш 6,8 млрд сом тегерегинде). Банк системасынын долларлашуу көрсөткүчү акырындык менен төмөндөөдө (2022-жылдын май айынын жыйынтыгы боюнча депозиттердин долларлашуусу 42,2 пайызды, кредиттердин долларлашуусу – 25,9 пайызды түзгөн).

Ички жана тышкы экономикалык чөйрөнү өнүктүрүү шарттарын эске алып, Улуттук банк эсептик ченди 14,0 пайыз деңгээлинде сактоо чечимин кабыл алды. Монетардык саясаттын учурдагы курсун колдоо орун алышы ыктымал болгон тобокелдиктердин жана тышкы конъюнктуранын кесепеттеринин Кыргызстандын экономикасына таасирин төмөндөтүү үчүн зарыл.

Улуттук банк түптөлгөн жагдайга туруктуу негизде көз салып турат жана зарыл учурда орто мөөнөткө каралган мезгилде баа туруктуулугун камсыз кылуу боюнча максатка жетүү үчүн тиешелүү чараларды көрөт.

*Маалымат үчүн:*

Кыргыз Республикасынын Улуттук банк Башкармасынын эсептик чендин өлчөмү тууралуу кийинки пландык отуруму 2022-жылдын 29-августунда өтөт.

Улуттук банк жагдайга жараша негизги чендин өлчөмү тууралуу маселе боюнча пландан тышкаркы отурум өткөрөт.